**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ, УКУК жана СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 323.2

**Шаршеева Аида Шеримбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО

23.00.02 – Саясий институттар, процесстер жана технологиялар

Саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Бишкек 2021

Диссертациялык иш Ж.Баласагын Кыргыз улуттук университетинин Маданият жана саясий технологиялар таануу кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Иванов Спартак Геннадьевич,** саясий илимдердин доктору, профессор, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети, Эл аралык мамилелер кафедрасы

**Расмий оппоненттер:** **Акунов Аалыбек Акунович** тарых илимдеринин доктору, профессор, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети.
**Чинара Эсенгул**, саясий илимдеринин кандидаты, PeaceNexus Фондунун Борбор Азия боюнча программасынын кеңешчиси

**Жетектөөчү уюм:** Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясы, коомдук-саясий дисциплиналар кафедрасы, Чокана Валиханов Бишкек ш.,атындагы көч., 1а.

Диссертациялык иш 2021 жылдын 15-декабрында 14.00 Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын алдындагы А.Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социологиялык илимдердин доктору (кандидаты) илимий окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин жыйынында 720071, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Чүй проспектиси, 265а, 1-каб. дареги боюнча корголот.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан (720071, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин илимий китепканасынан таанышууга болот (720033, Бишкек ш., Жибек-Жолу проспектиси, 396) жана диссертациялык кеңештин naskr.kg сайтында.

Онлайн трансляцияга шилтеме:
https://vc.vak.kg/b/ds7-c76-2wu-bdm

Автореферат 2021 -жылдын 12-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, саясий илимдердин доктору, доцент** **Ч.Ш. Абдыраманова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымда дүйнөнүн 190 өлкөсү өнүгүүнүн демократия жолун жолдоорун билдиришкен. Бирок демократия – учурда эки жүздөн ашык ар түрдөн турган саясий система, саясий тартип, башкаруу форма. Ушундай эле көрүнүш мамлекеттик башкаруу системасында дагы, анын тарыхы мамлекеттин пайда болуусунан башталат. . Акыркы отуз жылда батышта "сервистик мамлекет", "мамлекеттик менеджеризм", "жакшы өкмөт" жана "тармактык мамлекет" деген концепциялар кеңири жайылууда. Мурдагы советтер союзунун кээ бир өлкөлөрүндө "административдик-командалык" системасы дагы деле сакталууда, кээ бир өлкөлөрдө "административдик-бюрократиялык" системасы өздөштүрүлүп жана сакталууда, башкалары өздөрүнүн "күчтүү демократиялык мамлекеттин" моделдерин иштеп чыгууда, дагы башкалары батыш моделдерин көчүрүүгө аракеттенүүдө ошондой эле ж.б..

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) өнүктүрүү жана туруктуу өздөштүрүү мамлекеттик органдар жана тармактар тарабынан чоң колдоо табып кеңири пайдаланууга алынылдуу. Анын ичинде "электрондук өкмөт", "ачык маалыматтар" жана "санариптүү өкмөт" концепциялары орун алып жана иш жүзүндө колдонулуп келет. Бул коомдук мамилелердин бардык субъектилеринин ортосундагы санарип байланышты уюштуруу үчүн ченемдик-укук базасы менен камсыз кылынган ар түрдүү технологиялардын жана иш-чаралардын топтому.

Ар түрдүү IT-технологияларды өздөштүрүү концепциялардын саны арбын. 2018-жылга карата дүйнөлүк практикада "Электрондук өкмөттүн" негизги үч модели колдонулуп келет: континенталдуу-европалык, англо-америкалык жана азиялык.

Кыргызстанда МКТ эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып эле өздөштүрүлүп келүүдө. Башында ал мамлекеттик органдарды маалыматташтыруу болгон. Эки миңинчи жылдан баштап автоматташтырылган системалар менен толукталган. "Электрондук өкмөт" идеясын иш жүзүнө ашыруу 2014-2017-жылдары Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясын кабыл алганда башталган. Өкмөттүн күч-аракети мекемелер ортосундагы өз-ара байланышты уюштурууга, электрондук кызматтарды көрсөтүүнү уюштурууга жана жаңы электрондук функцияларын мамлкеттик-жеке кызматташтык деңгээлине чыгарууга күчүн жумшалган. Ошону менен бирге эле саясий бийлик 2010-жылда кабыл алынган Конституциянын жоболорун жетекчиликке алып, МКТ мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп жана чет мамлекеттик донорлордун жардамы менен бардык бийликтин бутактарынын ачык айкындыгын камсыз кылууга жана коомдук суроо-талаптарга ыкчам жооп кайтаруусун камсыздоого күчүн аракетин жумшады.

Натыйжада – жарандык активдүүлүктүн өсүү толкуну ал тургай чет элдик эксперттер үчүн да күтүүсүз болду.Бирок бул толкун ченемдик-регламенттин жана ушул тапка чейин болуп келген административдик-

бюрократиялык мамлекеттик башкаруунун системасынын фонунда болуп келди. Кесепетинде, демократиялык жетишкендиктерди бийликтин эмгеги катары таанылбай калды. Коомдук мамилелердин жетишкен демократизациясы объективдүү, МКТнын өнүгүүсүнүн кайтаргыс кесепети, ал эми башкарууда IT-технологияларды колдонуу жана өздөштөрүү формалары мамлекеттин өзүнүн башкаруу формасы деген туруктуу пикир пайда болду. Эгерде башында “электрондук өкмөт” – бул шарттуу аныктама деп эле кабыл алынса, ал эми бүгүнкү күндө ал өкмөт тарабынан пайдаланган технологиялар топтому эмес, МКТны пайдаланууга негизделген өкмөттүн ишкердүүлүгү катары кабыл алынып калды.

Бүгүнкү күндө “Кыргызстандындын эли” “мамлекетти түзөт” жана “Кыргызстандын эли бийлик жүргүзөт” деген административдик иш-чаралар коомдук талаптарга дал келбестиги анык болуп жатат. Ушул себептерден 2040-жылга чейинки Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын долбоорунда бийлик менен коомчулуктун өнөктөштүк мамилелерин калыптандыруу түрүндө “мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүү” тууралуу биринчи жолу жарыяланды, ал эми санариптештирүү жана башкаруу документтин ар кайсы бөлүмүнө бөлүндү.

Жогорудагылардын негизинде, изилдөө темасынын актуалдуулугу “электрондук мамлекеттик башкаруу” маңызын аныктоого, негизги абалын ачып көрсөтүүгө, анын өздөштүрүү маселелерин жана перспективасын ачып көрсөтүүгө, ошондой эле бийлик менен коомчулуктун жаңы, демократиялык, тең укуктуу мамилесинин стратегиялык идеясынын концептуалдык өнүгүүсүн аныктоого негизделген.

Изилдөө Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап 2017-жылдын декабрь айына чейинки аралыкты камтыйт.

**Диссертациянын темасы менен илимий программалардын байланышы.** Изилдөө бийликтин бардык бутактарынын, эл аралык жана бейөкмөт уюмдарынын практикалык ишмердүүлүгүнө багытталган, , бирок Кыргызстанда илимий көз-караш менен изилденген эмес. Ошол себептен диссертация алгачкы автордук демилге иши болуп эсептелет.

**Максаттары:** бийлик менен коомчулуктун ортосундагы өз-ара мамилелер системасын өзгөртүүдө электрондук мамлекеттик башкаруунун ролун аныктоо. Аталган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:

1) “электрондук мамлекеттик башкаруу” түшүнүктү концептуалдаштыруу жана түзүлүшүн аныктоо;

2) эл аралык уюмдардын, компаниялардын, маалыматтык-өнүккөн өлкөлөрүндө жана мурдагы советтер союзунун өлкөлөрүндө колдонулуп келген ыкмаларын азыркы КРдагы атайы тарыхый шарттарда колдонуу мүмкүндүгүн аныктоо;

3) электрондук мамлекеттик башкаруу жайылтуусун жөнгө салган КР мыйзамдарына саясий-укуктук талдоо жүргүзүү;

4) КРда электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүү багытында мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун хронологиясын, иш жүзүндөгү натыйжаларын жана көйгөйлөрүн ачып көрсөтүү;

5) КРнын мамлекеттик башкаруу системасын трансформациялоодо маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын ролун жана келечектеги өнүгүүсүн аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы төмөнкүлөр болуп саналат:**

– "электрондук мамлекеттик башкаруу" түшүнүктүн аныктамасы бийлик менен коомдун субъект-объектүү мамилелердин абалы жана перспективалары менен аныкталган;

– "электрондук мамлекеттик башкаруу" түшүнүккө автордук аныктама берилген жана бийлик менен коомчулуктун ич-ара мамиле системасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өздөштүрүү боюнча учурдагы мамлекеттик саясаттын түзүлүшүнө автордун концептуалдуу үлгүсү иштелип чыккан;

– Кыргызстанда улуттук методологияны иштеп чыгууда эл аралык уюмдардын жана компаниялардын ыкмалары, критерийлери, көрсөткүчтөрү, мүнөздөмөлөрү жана баа берүүлөрү, ошондой эле мурдагы советтер союзунун ыкмалары өзгөрүлбөгөн түрдө колдонууга мүмкүн эместиги далилденген;

– Кыргызстандагы экономикалык, маданий, саясий жана географиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, евразия өлкөлөрүнүн прогрессивдүү тажрыйбасын колдонгон эл аралык уюмдардын талаптарын эске алып автордук методология иштелип чыккан;

– биринчи жолу укуктук түзүлүштүн логикага сыйбаган жагы ачып көрсөтүлдү, себеби Кыргызстандын мыйзамдарында дагы деле административдик-командалык мамлекеттик башкаруу системасынын принциптери сакталып келүүдө, ал эми трансформациялык өзгөрүүлөр болсо бийликтин аткаруу бутактын ченемдик-укуктук актыларында бекитилген;

– электрондук мамлекеттик башкаруу өнүгүүсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн идеалдуу максаттарынын, аткаруу бийликтин аракеттеринин негизги багыттары жана иш жүзүнө ашыруудагы маселелери автор тараптан системалаштырылган;

– мамлекеттик башкаруунун эволюциялык өнүгүүсүнүн чечимдүүлүгү жана мамлекеттик башкарууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу деңгээлини ачып көрсөтүлгөн;

– Өкмөттүн Өкүлчүлүк бийликтин тапшырмасын четке кагуу умтулуусу, ошону менен бирге Премьер-министрдин ыйгарым укуктарын күчөтүү өзү эле талаш-тартыш жаратаарын, коомчулукта саясий туруктуулукка кооптуу экени далилденген.

Топтолгон жыйынтыктын **практикалык маанилүүлүгүн** КРда жаңы мамлекеттик башкаруу концепциясын иштеп чыгуу жана ага ылайыктуу түшүнүккө концептуалдуу аныктама берүү жана электрондук башкаруунун түзүлүш үлгүсүн иштеп чыгуу илимий негиздөөсү түзөт. Изилдөө материалдарын бийликтин бардык бутактарынын органдары жана бөлүмдөрү Кыргызстандагы электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүүдө

практикалык маселелерди чечүүдө колдонсо болот. Санариптештирүүнү өздөштүрүү жана коомдук мамилелердин демократизация процесстери менен алектенген улуттук жана эл аралык бейөкмөт уюмдары дагы изилдөөнүн натыйжаларын колдонууга кызыкдар болушу мүмкүн. Диссертациянын материалдарын «Политология», «Эл аралык мамиле», «Информатика», ж.б. багыттар боюнча окутуу процессинде колдонсо болот. Диссертациянын жоболору бийлик менен коомдун демократизация мамилесиндеги процессте маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын ролу жана мамлекеттик башкарууну түп тамыры менен өзгөртүү жана өнүктүрүү потенциалы тууралуу илимий түшүнүктөрүн кеңейтет.

**Топтолгон натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгүн** КР Өкмөтү белгилеген электрондук мамлекеттик башкарууну бюджеттик чыгашаларды кыскартуу аркылуу өздөштүрүү максаттын кудуретсиздигин далилдөө түзөт.

**Жактоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору.**

1. “Электрондук мамлекеттик башкаруу” түшүнүктү концептуалдаштыруу бийлик менен коомдун субъект-объектүү мамилелердин абалы жана перспективанын өнүгүүсү менен аныкталган. Азыркы тапта аталган түшүнүктүн жалпы илимий аныктамасы жок, бул ар кайсы тарыхый, социалдык-саясий, экономикалык жана башка коомдук мамилелердин факторлору менен шартталган.

2. Эл аралык уюмдардын, компаниялардын, маалыматтык-өнүккөн өлкөлөрдүн жана мурдагы советтер союзунун өлкөлөрүндө колдонулуп келген ыкмалар коомчулуктун өнүгүү максаттарына жана КРда мамлекеттик башкаруу системасын трансформациялоого дал келбейт. Кыргызстандагы экономикалык, маданий, саясий жана географиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, евразия өлкөлөрүнүн прогрессивдүү тажрыйбасын колдонгон эл аралык уюмдардын талаптарын эске алып улуттук синтетикалык ыкманы иштеп чыгуу учурдагы абалды, маселелердин краудсорсингин жана бийлик менен коомчулуктун ич-ара мамилесинин механизмдерин жакшыртуу жолдорун мониторинг кылуу үчүн керек.

3. Электрондук мамлекеттик башкарууну жөнгө салуучу учурдагы укуктук түзүлүш мамлекеттик башкаруу органдардын тик багыттагы мамилени туура багытка, коом менен бийиликтин тең укуктуу мамилеге өзгөрүүсүн бекемдейт, бирок абдан туруксуз, логикага сыйбаган жана бир нече субъективдүү саясий факторлордон көз каранды.

4. Электрондук башкаруу КР мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүү процесстеринде курал болуп эсептелет. Электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүү боюнча мамлекеттик саясат өкүлчүлүк жана аткаруу бийликтин жетекчилигинин саясий эрки жана саясий аракеттери аркылуу ишке ашты. Аткаруу бийликтин орто жана майда бөлүмдүн активдүү каршылыгын (бюрократия) БУУ түзүлүштөрү жана батыш бейөкмөт уюмдары, эл аралык уюмдары тараптан каржыланган мамлекеттик башкаруу системасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өздөштүрүү боюнча ишке ашыруу проекттери аркылуу акырындап жеңүүдө. Өкмөт

жарандык коомду ишке тартат жана татаал бюрократиялык процедураларды жаратат, ошол аркылуу мамлекеттик органдар (бюрократия) өз милдеттерин ашыкча административдик иштер жана көзөмөл функциялары аркылуу кеңири аткара алышпайт. Электрондук башкарууну өздөштүрүүгө тоскоолдук жараткан негизги себептер ченемдик – укуктук, уюштуруу-башкаруучулук, технология тараптан жана социалдык-жеке мүнөздөгү маселелер.

5. Кыргызстандагы Саясий, Аткаруу жана Өкүлчүлүк бийлик бутактарынын мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүү тууралуу перспективалары бири-биринен абдан эле айырмаланат. Бул нерсе бийлик бутактарынын ортосунда талаш-тартыш жаратышы мүмкүн жана коомдогу саясий туруктуулукту бузушу ыктымал.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөдөгү бардык гипотезалар, аларды далилдөө түзүлүшү, аралык жана негизги натыйжалар илимий, жаңы жана автордук.

**Изилдөөнүн натыйжаларын текшерип көрүүлөр** автор тараптан мамлекеттик органдарды маалыматташтыруу проекттерди ишке ашыруу процессинде, КР мамлекеттик башкаруу системасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өздөштүрүү жана автоматташтырылган системаларды түзүүдө колдонулган.

Диссертациялык иштин натыйжалары «Digital CASA-Кыргыз Республикасы” (Санариптүү Борбор Азия – Түштүк Азия-Кыргыз Республикасы») проекттерин ишке ашырууда колдонулууда. Алар жумушчу топтун курамында автор тараптан “Потенциал өстүрүү боюнча механизмдери” (БУУ) проекттин алкагында 2014-2017-жылдары электрондук башкарууну өздөштүрүү стратегиясынын проектин иштеп чыгууда КРда электрондук мамлекеттик кызматтардын өнүгүүсүн изилдөө учурунда колдонулган; БУУнун “Потенциалды өнүктүрүү механизмдери” программасынын алкагында мамлекеттик кызматтарды оптималдаштыруу реформа программаларды ишке ашырууда; КРда мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча административдик жөнгө салууларды иштеп чыгуу ыкмаларында; Эл аралык Каржы Корпорациясынын (IFC) “КРда инвестиция шарттын өнүгүүсүнө көмөктөшүү боюнча консультация кызматтары” проекттин алкагында КРдагы мамлекеттик органдардын ишкердүүлүк субъекттердин көзөмөл ишкердүүлүгүн администрациялоо жана маалыматтык башкаруу системасын www.proverka.gov.kg өздөштүрүү жана иштеп чыгууда; “КРдагы инвестиция шартын жакшыртуу” (АБР) программасынын алкагында ЕАИС ГТС КР жана сырткы соода тармагындагы “бирдиктүү терезе” маалыматтык системасынын интеграциясы боюнча сунуштарды иштеп чыгууда жана баа берүүдө; КРдагы соттук өндүрүштү автоматташтырылган процесстери боюнча ЕБ проектин ишке кигизүүдө; 2017-2017-жылдагы электрондук башкарууну өздөштүрүү стратегиясын иштеп чыгууда (164-170-б.); “2013- 2014 жылдар “Адам укуктары боюнча жылдык” үчүн материалдарды иштеп чыгууда; КРнын Адилет Министрлиги жана КРнын Акыйкатчы Институтунун ченемдик-укуктук актылардын Борборлоштурулган берилмелер базасы боюнча башкармалыгынын бизнес-процесстерин талдоодо.

Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Маданият таануу жана саясий технологиялар кафедрасында талкууланды, илимий-практикалык конференцияларда баяндалды жана илимий басылмаларда басылып чыгарылды. а талкууланды .

**Диссертациянын натыйжаларын басылмаларда толук чагылдыруусу.** Изилдөө натыйжалары бир монографияда чагылдырылган, жалпы көлөмү тогуз басылма барак жана сегиз илимий макала, КР ЖАК тараптан сунушталган, жалпы көлөмү үч басылма барак. Анын ичинде КР сырткары басылып чыгарылган таасир-фактору бар үч макала.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация, көлөмү 167 барак, кириш сөз, беш параграф камтыган эки бөлүм, жыйынтык жана 168 аталыш камтыган колдонулган булактардын жана адабияттын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** тандалган теманын актуалдуулугу аныкталган, окуялардын убакыт алкагы белгиленген, алдыңкы илимий багыттар менен байланыш, объект, предмет, максаты, маселелери, теориялык-методологиялык жана эмпирикалык маанилүүлүгү аныкталган, жактоого алып чыгарылган жоболор так айтылат, изденүүчүнүн жеке салымы баяндалат, диссертация натыйжаларынын басылмаларда толук чагылдыруусу жана колдонуп көрүүсү, жана ошондой эле иштин түзүлүшү жана көлөмү.

**«Электрондук мамлекеттик башкаруунун теориялык изилдөө негиздери»** биринчи бөлүмүндө “электрондук мамлекеттик башкаруу” деген түшүнүк концептуалдаштырылган жана түзүлүшү аныкталган; эл аралык уюмдардын, компаниялардын, маалыматтык-өнүккөн өлкөлөрдүн жана мурдагы советтер союзунун өлкөлөрүндө колдонулуп келген ыкмаларын азыркы КР атайы тарыхый шарттарда колдонуу мүмкүндүгү аныкталган.

**“”Электрондук мамлекеттик башкаруу” түшүнүктү концептуалдаштыруу”** биринчи бөлүмүнүн биринчи параграфында изилдөөнүн бир нече теориялык жана методологиялык маселелери каралган.

Түшүнүктөрдү концептуалдаштыруу илимий талдоого методологиялык талап болгондуктан, автор негизги түшүнүк жана изилдөөнүн объекти катары “электрондук мамлекеттик башкарууну” аныктайт.

Заманбап саясий илимдерде жана иш жүзүндө “мамлекеттик башкаруу” деген түшүнүктүн туура колдонуу теориялык маселесин чечүү “башкаруу” жөнүндө классикалык көрсөтмөлөрдүн салыштырма талдоосуна жана саясий таанууга жана учурдагы КР Конституциясына таянат. “Мамлекет” жана “Кыргызстандын эли” деген субъект-объектүү мамилелердин теориялык бүдөмүктүгү ачып көрсөтүлгөн.

А. Нестеровдун, А. Коноваловдун, А. Хахунованын, А. Сидорованын илимий изилдөөлөрү автордун изилдөөсүнүн пайдубалы болду жана азыркы учурда КРда илимде дагы, укукта дагы “мамлекеттик башкаруунун” түшүнүгүн жана маңызын кайра ойлонуу болуп жаткандыгы тууралуу тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берди.

Мамлекетке карата көз-караштардын эволюциясын изилдөөдө автор Э. Талапинанын, Х. Халилованын, В. Потехинанын, А. Максимовдун жана С. Пономаревдун эмгектерин колдонду. Автор төмөнкү тыянакка келди, азыркы учурда мамлекеттик башкаруунун жаңы теориясы эми гана калыптанууда, бирок мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүү – бул объективдүү жана сөзсүз өтүүчү процесс. Бийлик (бюрократия) инновацияларды өздөштүрүү жүрүшүн гана өзгөртө алат, же өзгөртүүлөрдү жайлатат, же тездетет.

КР Конституциясынын КР туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын жоболорунун, КР паракорлук менен күрөшүү Мыйзамынын, Мамлекеттик Статистика тууралуу Мыйзамдын жана башка укуктук актыларынын салыштырма талдоосу авторго "мамлекеттик башкаруу" деген түшүнүктүн концептуалдык маанисин карап чыгуу талабы бар экендигин жана коомчулук менен мамлекеттик түзүлүштөрдүн ич-ара мамиледеги демократиялык процесстердин максаттарына дал келбеген укуктук жана саясий тажрыйбадан чыгаруу керек деген тыянак чыгарууга түрткү болду.

Андан соң, автор тараптан мамлекеттик башкаруунун идеяларын өнүктүрүү убактылары белгиленди. Ага ылайык: электрондук (санарип) мамлекеттик башкаруунун илимий концепциясы 1960-1970-жылдары пайда болгон (И. Масуда, Э. Тоффлер); концепциянын өнүгүүсү 1970-1980-жылдары (Дарендорф (1958), Гэлбрейт (1967), Болдуин (1953), Уайт (1956) жана башкалар); коомдук талкуулордун башталышы жана "электрондук мамлекетти" түзүү идеясынын ишке ашуусу АКШда 90-жылдардын башында; "ачык өкмөт" идеологиясынын жайылуусу жана өздөштүрүүсү АКШда 2013-жылы май айында аяктаган. Ошол эле жылы "ачык өкмөт" идеясы РФда башталган. Азыркы тапта АКШда "санариптештирүү", анда улай АКШда "Санарип мамлекетти" куруу.

Бир нече методологиялык ыкмаларын карап чыгып, автор изилдөөнүн методологиялык негизи катары Э. Дюркгеймдин коммуникациялык ыкмасы менен социалдык реализм теориясын тандады. *(Дюркгейм Э,. Теория социального реализма и научный метод в социологии. URL: https://studopedia.org/1–124280.html)*

Ж.-Ф. Лиотар, Д. Белл, М. Кастельс, М. Постер, Й. Масуда, А. Турен, Т. Стойньер, Ф. Уэбстер, П. Друкер, Э. Гидденс, Ю. Хабермас, Э. Тоффлер, Д. Осберн, С. Клифт, А. Бард, П.Л. Бергер, Э. Бернстейн, Дж. Йетс, Луи Делкамбр, С. Хаас, Д. Норрис, В. Мун, Д. Вест, Эммануэль С. Лаллан жана орусиялык илимпоздордун эмгектеринде баяндалган идеялар авторго көрүнүштүн маселе жагын көрсөтүүгө, ыкмалардын, идеялардын жана ой-пикирилердин чаржайыттыгын көрсөтүүгө, ошондой эле коомчулуктагы процесстердин кеңири талкууларын көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

"Электрондук мамлекеттик башкаруу" түзүлүшүнө көз-караштар жана түшүнүктү ар кандай чечмелөө ыкмаларын системага келтирүүгө авторго Н.А. Баранов, Р.Ф. Азизов, Э. Талапина, В. Пироженко, В. Туровец, С. Пономарев, А. Жарова, А. Тарасов, Е. Иншакова жана башкалардын эмгектери негиз катары колдонулду.

Саясий-укуктук талдоонун негизинде автор төмөнкү тыянакка келди, КРдагы учурдагы укукта "электрондук мамлекеттик башкаруу" деген

түшүнүк жок экен, ал эми “электрондук башкаруу” негизделген сынга учурайт. КР укук жоболорун, РФ менен КР окшош укук жоболорун салыштырма талдоосу аркылуу автор төмөнкү тыянакка келди: бул эки евразиялык мамлекетте “электрондук мамлекеттик башкаруу” деген түшүнүккө жакындатылган “электрондук өкмөт” деген түшүнүктүн аныктамасы жок же бүдөмүк берилген. Бул нерсе РФ жана КР бийлигине “электрондук башкаруу” түшүнүктү социалдык-саясий тармактан уюштуруу жана технологиялык тармакка басым кылууга мүмкүндүк берет экен.

Кыргызстандагы “электрондук мамлекеттик башкаруунун” илимий маңызын изилдөөдө Н.И. Алишева, А.М. Койчиев, И.М. Карыпбеков, А.В. Минбалеев, К.А. Муканов, Б.Дж. Усенова, Р. Джаркеев, Камытов К.Т., З. Джусупова ажана башкалардын эмгектерин негиз катары колдонулду. *(Камытов К.Т Электронное правительство как концепция эффективного государственного управления // Известия Вузов, №5.- 2015.- С. 366)*

Андан соң, “электрондук мамлекеттик башкарууга” сын мамилелер системага келтирилген.

**“Электрондук мамлекеттик башкаруунун өнүгүүсүнө баа берүү методологиясы”** биринчи бөлүмүнүн экинчи параграфында учурдагы усулдардын талдоосу жүргүзүлгөн, КРда электрондук мамлекеттик башкаруунун өнүгүүсүн мониторинг жүргүзүү үчүн алардын мүмкүнчүлүгү жана жөндүүлүгү каралган.

БУУнун, Эл аралык электрбайланыш бирикмесинин, Дүйнөлүк Банктын, Дүйнөлүк экономикалык форумдун, Capgemini компаниясынын, Брайн Университетинин (Brown University), Sungkyunkwan Маалыматтык коомду өнүктүрүү институтунун (Түштүк Корея), Rutgers (Нью-Джерси) мамлекеттик университетинин, электрондук мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугуна австралиялык университетинин баа берүүсүнүн, “Жарандардын пайдасы: электрондук өкмөттүн жардамы менен экономиканын атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу” Deloitte консалтинг компаниясынын, АКШнын санариптештирүү синтетикалык көрсөткүчтөрүнүн индекс системасынын эсептөө методологияларын салыштыруу талдоосу жүргүзүлгөн.

Учурдагы “даяр” жана “жетилген” электрондук мамлекеттик кызматтардын методологияларынан баштап өкмөт ишке ашырып жаткан электрондук программалардан түшкөн пайдага чейин ар түрдүүлүгү ачып көрсөтүлгөн. Методолгиялардын бирдиктүүлүгү бир типтүү тапшырманы чечүүдө: глобалдуу тизмеде өлкөнүн алдыңкы ордун аныктоо.

Кыргызстанда кадыр-барк тобокелдигин азайтуу үчүн, республиканын активдуу катышуусун билдирүү жана эл аралык уюмдардын гранттык, материалдык, технологиялык жана консалтинг жардамын төмөн түшүрбөө үчүн глобалдуу эл аралык рейтингти каттоо зарылчылыгы далилденди.

Талдоо жүргүзүүнү автор тандоонун зарылчылыгы менен негиздеген: эл аралык рейтинг жана көрсөткүчтөргө багыт алуу, алар учурунда бюджеттик каражатты үнөмдөөгө жардам берет же болбосо улуттук методологияны иштеп чыгыш керек жана туруктуу, айкын жана ыкчам мониторинг жүргүзүп туруу керек. Бул нерсе электрондук мамлекеттик

башкарууну өздөштөрүүдө мамлекеттик саясатты өз убагында туура нукка салып турууга жардам берет.

БУУнун расмий докладдарынын жана отчетторунун, орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектери *(Оценка развития онлайновых государственных услуг: возможности применения методики ООН к российской специфике. Бершадская Л.А., Чугунов А.В.// Труды XIV Всероссийской объединенной конференции «Интернет и современное общество», ОФ -2011. URL: http://ojs.ifmo.ru/index.php/IMS/article/viewFile/170/166)*, орус экспертердин - Е. Фурсеев, Л. Бершадская, А. Чугунов, Е. Петрова, Е. Дьякова, Т. Мизюрина жана А. Борисова эмгектеринин негизинде БУУнун методологиясына, Маалыматтык коомду өнүктүрүү Институтунун методологиясына, Васэда Университетинин методологиясына жана ИТ-директорлордун Эл аралык Академиясынын жана башка эл аралык уюмдардын методологиясына серепчилер тарабынан сынчыл талдоо жүргүзүлгөн. . *(Мизюрина Т.В. Методика оценки развития электронного правительства Университета Васэда и Международной Академии ИТ-директоров // INTERNATIONAL INNOVATION RESEARCH. Сборник статей III Международной научно-практической конференции. МЦНС Наука и просвещение. 2016.)*

Орусия Федерациясынын, Казакстан жана Өзбекстан методологиялары Президенттин Буйругунун, Өкмөттүн Мыйзамдарынын жана Токтомдорунун, министрликтердин жана башка мамлекеттик органдарынын расмий сайттарынын материалдарынын жана буйруктарынын негизинде изилденди.

Электрондук мамлекеттик башкаруунун өнүгүүсүнө баа берүү үчүн улуттук методологияларды түзүү зарылчылыгы тууралуу идеялар Н. Казаков, Л. Бершадская, А. Чугунов, В. Некрасов, О. Архипова, Е. Зиндер, А. Борисова жана башкалардын эмгектеринин негизинде каралган.

Автор улуттук синтетикалык методологиянын үлгүсүн сунушталды, анда эл аралык талаптар эске алынган, Кыргызстандагы экономикалык, маданий, саясий жана географиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, евразия өлкөлөрүнүн прогрессивдүү тажрыйбасы колдонулган, учурдагы абалды мониторинг кылууга, ошондой эле маселелерди краудсорсинг жана бийлик менен коомчулуктун ич-ара мамилесинин механизмдерин жакшыртууга багытталган. МКТ тармагындагы проекттерге баа берип жана мониторинг жүргүзүү үчүн үч бөлүктөн турган усул сунушталды.

**“Электрондук мамлекеттик башкаруу бийлик жана коомдун өз-ара мамилесин трансформациялоо процесстеринде: методологиялык ыкмалар”** экинчи бөлүмүндө электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүүнү жөнгө салган КРнын мыйзамдарынын саясий-укуктук талдоосу жүргүзүлгөн; окуялар убактысынын ирээти, КРдагы электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүү тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу маселелери жана практикалык натыйжалары ачып көрсөтүлгөн; КРдагы мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын ролу жана перспективасы аныкталган.

**Изилдөө объекти** катары мамлекеттик башкаруу алынган.

**Изилдөө предмети** катары Кыргыз Республикасындагы электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүү боюнча мамлекеттик саясат алынган

**Изилдөө ыкмалары**: коммуникациялык, институционалдык, системалык, структуралык жана функционалдык ыкмалар, ошондой эле саясий-укуктук, салыштырма жана эксперттик анализдердин методологиясы.

**"Кыргыз Республикасындагы электрондук мамлекеттик башкаруунун ченемдик-укуктук негизи"** экинчи бөлүмүнүн биринчи параграфында мамлекеттик башкаруунун системасынын өзгөртүү принциптерин жөнгө салган, кийин республикада электрондук башкарууну өздөштүрүүдө ишке ашырган мыйзамдардын саясий-укуктук талдоосу жүргүзүлгөн.

МКТны мамлекеттик башкаруу системасына киргизүү тармагында мамлекеттик саясаттын эволюциясы маалыматтык тармактын түзүү жана өнүктүрүү концепциясынын (маалыматташтыруу) (23.09.1994 г.), КРнын өнүгүүсү үчүн Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын Улуттук Стратегиянын (10.03.2002 г.), "КРнын Электрондук Өкмөтү" проектин модернизациялоо жана өнүктүрүү Концепциясынын Проекттин (15.05.2012 г.) жана КР Маалыматташтыруу жана электрондук башкаруу мыйзамдын (8.10.1999 г.) негизинде каралган.

КРдагы маалыматтык технологияларды жайылтуу процессинде сырткы саясаттык факторлордун ролу Окинаванын глобалдуу маалыматтык коомдун хартиясынын (22.07.2000 г.), маалыматтык коом тууралуу Бишкек-Москва конференциясынын резолюцияларынын (9-11.09.2002 г.) жана декларацияларынын (24.10.2002 г.), "Маалыматтык коомду түзүү – жаңы миң жылдыктын глобалдык маселеси" Женева Декларациясынын принциптеринин (10-12 декабря 2003 г.), Маалыматтык коом тууралуу ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк саммитинин жыйынтыктоо документтеринин (17-19.05.2005 г.) жана Маалыматтык коом үчүн Тунис программасынын (15 ноября 2005 г.) негизинде изилденген.

Электрондук мамлекеттик башкарууну өздөштүрүү боюнча учурдагы мамлекеттик саясаттын саясий-укуктук талдоосу КРдагы 2013-2017-жылдарындагы Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын (21-январь 2013-ж.), Электрондук башкаруу мыйзамынын (19.07.2017-ж.), 2014-2017-жылдардагы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдардын жана мамлекеттин аткаруу бийликтин башкаруу органдарында электрондук башкарууну жайылтуу боюнча Өкмөттүн иш-чара программалардын жана пландардын (17.11.2014 г.), Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча Кеңешти түзүү тууралуу Өкмөттүн Токтомунун (3.06.2013 г.), Электрондук башкаруу борбору тууралуу жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча Кеңеш Секретариаты тууралуу Жоболордун (6.05.2015 г.) негизинде жүргүзүлгөн.

Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жагында бийлик менен коомдун ич-ара мамилесинин тартибин аныктаган документтер ченемдик-укуктук актылардын өзүнчө бөлүгүндө белгиленген. Аткаруу бийликтин органдары, алардын түзүлүш бөлүмдөрү жана алардын карамагындагы мекемелер көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын Бирдиктүү Реестрин бекитүү тууралуу

КР Өкмөтүнүн Токтомун (10.02.2012 г.), Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын типтүү административдик регламентин бекитүү буйругунун жана Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын административдик регламенттерин бекитүү жана иштеп чыгуу тартиби тууралуу Жоболорду (22.06.2014 г.) талдоо негизинде, автор төмөнкү тыянакка келди: аталган документтерди кабыл алуу бийлик менен коомдун ич-ара мамилеси жагынан алганда мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүүдө негизги фактор болду. Мындай ич-ара байланышта жөнгө салуудан активдүү, тең укуктуу жарандык жана бизнес-бирикмелердин катышуусу мүмкүндүк берди: мамлекеттик органдар көрсөткөн кызматтардын саны кескин кыскартты; жарандар менен башкаруучулардын мамилесин электрондук форматка өткөрүү аркылуу бетме-бет мамилесин кыскартты; акысыз кызматтардын саны мүмкүн болгон жерде көбөйдү жана мүмкүн эмес болгон жерлерде баасы төмөндөдү; жарандар менен башкаруучулардын ич-ара мамилесин административдик-командалык башкаруу деңгээлден тең укуктуу-кызматташтык деңгээлге алып келди; кызмат ээлеген адамдардын жоопкерчилигин, иш-аракеттердин айкындыгын, ачыктыгын жогорулатты; паракорлукту кескин кыскартты. Андан сырткары, мамлекеттик кызматтын абройлуугу мыйзамсыз киреше менен бааланбай, бирок туруктуу эмгек маяна, өсүү мүмкүнчүлүгү менен жана идеалдуу көз-караш менен аныкталып калды.

Электрондук мамлекеттик башкаруунун башка маселелери КРнын “Электр жана почта байлынышы тууралуу”, “Мамлекеттик сатып алуулар тууралуу”, “Жеке мүнөздөгү маалымат тууралуу”, “Электрондук санарип кол жазма жана электрондук документ тууралуу”, “КРнын мамалекеттик органдарынын жана жергиликтүү бийлик органдарынын карамагындагы маалыматка жеткиликтүүлүк тууралуу” мыйзамдарынын жана башка ченемдиу-укуктук актылардын негизинде каралган.

**“Кыргыз Республикасындагы электрондук мамлекеттик башкарууну иш жүзүнө ашыруу багытында мамлекеттик саясат: методологиялык ыкмалар””** экинчи бөлүмүнүн экинчи параграфында өкмөттүн фактыга таянган максаттары жана Кыргыз Республикасындагы электрондук мамлекеттик башкарууну иш жүзүнө ашыруу тармагындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруунун маанилүү практикалык багыттары изилдеген.

Эл аралык уюмдардын жана чет мамлекеттик компаниялардын методологияларын колдонуу натыйжалуу болбогондуктан *(A.Ari-Veikko. Electronic Government: Concepts, Methodologies, Tools, and Applications: Information Science Reference, 2007)*, ошондой эле КРда электрондук мамлекеттик башкарууну киргизүүгө улуттук баа берүү методолгиясы жок болгондуктан (параграф 1.2), изилдөө саясий-укуктук методологияны жана серепчинин талдоосун колдонуп түзүлүш-функционалдык ыкманын негизинде өткөрүлдү.

Улуттук практиканын жана чет элдик изилдөөчүлөрдүн теориялык көз караштарынын шайкештигин баалоо жүргүзүлдү, КРда электрондук башкарууну мамлекеттик уюмдар тарабынан киргизүү тажрыйбасына баа берилди жана КРнын Өкмөтү тарабынан МКТ жайылтуу багыттары жана

негизги максаттары боюнча баа берилди. Параграфта каралган маселени талдоо эмпирикалык негизге жана автордун МКТ проекттерин КРнын мамлекеттик башкаруу тармактарында киргизүү учурунда алынган жеке тажрыйбага негизделген.

Автор электрондук мамлекеттик башкаруу КРда иш жүзүндө киргизилген убактарын аныктаган. Аталган убакыт экиге бөлүнгөн: 2001 – 2013-жылдары – мамлекеттик органдардын маалыматташтыруусу, автоматташтырылган системаларды киргизүү. 2013-жылдан 2017-жылдын декабрь айына чейин – электрондук башкаруу (электрондук өкмөт) элементтердин активдүү жайылтуусу.

КРнын мамлекеттик башкаруу системасына МКТны киргизүү талдоосу А. Хиллдын теориялык ыкмаларына ылайык, төмөнкү багыттарда жүргүзүлгөн: мамлекетик кызматтардын натыйжалуулугунун жана үнөмдүүлүгүнүн өсүүсү; электрондук башкаруу аткаруу бийликтин ишкердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн туруктуу процесси; мамлекеттик органдардын ишкердүүлүгүнүн ачыктыгы; электрондук башкаруу бюрокартиялык башкаруудан интеллектуалдык башкарууга өтүү.

Автор төмөнкү тыянакка келди: КРдагы учурдагы бюрократиялык чаралар электрондук форматка өтүп жатат, бул өзү жаңы сапат жаратпайт. Көзөмөлдү республикадагы ДБ, АБР, БУУ жана башка чет мамлекеттик бейөкмөт уюмдары өткөрүп жаткан проекттердин адистери жүргүзөт. Алар аяктаганда көзөмөл саясий жетекчилердин жалпыланган буйруктарына өтөт. Орто жана майда мекемелердеги бюрократия өзүн өзү реформациялоодо кызыкдар эмес, паракорлук кирешелер булактарын жабууга, иштин көлөмүн көбөйтүүгө жана санын кыскартууга кызыкдар эмес. Ошондуктан, МКТ киргизүү боюнча иш-аракеттер сырткы гана көрүнүш же болбосо саботаж. Жайылтуу көбүнчө адистер, системалык эмес проекттер менен, жогоруда аталган донорлор тарабынан ишке ашырылып келет. эгерде саясий чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу процессинде коомдук катышуу потенциалын тоготпой коюу технологиялык ыкманын үстөмдүгү электрондук мамлекеттик башкарууну өзгөртүү идеясын автоматташтыруу жана маалыматташтыруу идеяларына алып келет.

КРдагы чет мамлекеттик уюмдар тарабынан электрондук башкарууну киргизүү тажрыйбасын талдоо эл аралык адистер тарабынан электрондук башкаруу (электрондук өкмөт) түшүнүктү түшүнүүгө ылайык жүргүзүлгөн. Изилдөө төмөнкү багыттар менен өткөрүлгөн: электрондук паспорттор, электронндук кол жазма, иш кагаздарды электрондук түрдө толтуруу, электрондук шайлоолор, электрондук соода сатык, мамлекеттик сатып алуулар жана мамлекеттик маалыматтык ресурстар.

Автор төмнкү тыянакка келди, батыш донорлор КРдагы электрондук паспорттор, электрондук кол жазма, иш кагаздарды электрондук түрдө толтуруу, электрондук шайлоолор, электрондук соода сатык, мамлекеттик сатып алуулар жана мамлекеттик маалыматтык ресурстарды өнүктүрүү жагындагы электрондук башкаруу идеяларын ишке ашыруу прогрессин кабыл алышкан. Дагы бир пункт – электрондук кызматтар – эл аралык донорлордун

жана КР Өкмөтүнүн элестетүүлөрүнө дал келет. Аларды биз кийин карап чыгабыз.

МКТны мамлекеттик башкаруу системасына киргизүү КРнын Өкмөтүнүн негизги максаттары боюнча жүргүзүлгөн. Алар паракорлукту жок кылууда, бюрокартияны кыскартып жана бюджеттик чыгашаларды азайтууда.

Автор төмөнкү тыянакка келет, КР Өкмөтүнүн 2017-жылга коюлган максаттарына жетүү пландары объективдүү жана субъективдүү себептер менен ишке ашкан жок. Өнүгүү процесси – потенциалдуу-чексиз процесс, акыркы чеги жок. Мындай натыйжалардын субъективдүү себеби – жоктугу: туура уюштурулган саясаттын, мамлекеттик органдардын бири-бирине көз каранды баа берүү байкоонун жана "электрондук башкаруу" түшүнүктүн өзүнө жалпы ыктын. Мамлекеттик башкаруунун маалыматташтырылган бардык багыттары бири-бири менен тыкыз байланышта жана муну көптөгөн өлкөлөр түшүнүп турат. Ошондой эле, бардык өлкөлөрдө МКТны киргизүүдө оң натыйжалар түзмө-түз өлкөнүн жетекчилигинин саясий эркинен көз каранды.

Электрондук мамлекеттик башкарууну киргизүү тажрыйбасын талдоо КР Өкмөтүнүн иш-аракеттеринин натыйжасы жана негизги багыт боюнча төмөнкү багыттар менен жүргүзүлгөн: ченемдик-укуктук базаны иштеп чыгуу жана өздөштүрүү, мекемелердин ич-ара аракеттеринин системасын түзүү, мамлекеттик кызматтарды электрондук форматта көрсөтүү, мамлекеттик органдардын иш-аракеттеринин ачыктыгын камсыздоо, мамлекеттик-жеке кызматташтык аркылуу ишке ашырып жаткан аутсорсингти киргизүү. Ар бир багыт боюнча киргизүү маселелер жана жүзөөгө ашыруу мүнөздөлгөн, ошондой эле жыйынтыктар так аныкталган.

Андан соң, МКТны КРнын мамлекеттик башкаруу системасына киргизүү боюнча мамлекеттик саясаттын сынчыл пикири келтирилген.

**"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу системасындагы трансформациянын келечеги"** экинчи бөлүмүнүн үчүнчү параграфында Саясий, Аткаруу жана Өкүлчүлүк бийлик бутактарынын каралган маселелери боюнча элестетүүлөрүнүн салыштыруу талдоо жүргүзүлгөн.

КРнын ченемдик-укуктук актыларында жана документтеринде мамлекеттик башкаруу системасынын трансформация келечегинин элестетүүлөрү жана бекитүү эволюциясы каралган. "Таза Коом" санарип трансформациясынын жалпы улуттук программасын киргизүүнүн убакыт тартиби, КРнын «Жаңы доорго – кырк кадам» Өкмөттүк Программанын бекитүүсү, КРнын "Мамлекеттик маалыматтык системалардын берилмелер базасында камтылган маалыматты коргоого талаптар жана электрондук башкаруу тууралуу" мыйзамын кабыл алуу, Өкмөт тарабынан "Ачык берилмелер" саясатын ишке ашыруусу жана эл аралык "Ачык Өкмөт" (Open Government Partnership) демилгесинин кызматташтыгына кирүү презентациясы, ошондой эле коомдук талкууга КРнын «Таза коом. Жаны Доор» Туруктуу өнүгүүнүн стратегия проектисин чыгаруу авторго төмөнкү тыянак чыгарууга түрткү берди: объективдүү эволюциялык ирээттүүлүк бузулду: "электрондук өкмөт – ачык берилмелер – санариптүү өкмөт". Бирок

ошондо да Саясий жана Өкүлчүлүк бийликтин колдоосу менен Аткаруу бийлик ошону менен бирге эле “санарип өкмөт”, “электрондук башкаруу” жана “ачык берилмелер” идеяларын ишке ашырууга аракеттенүүдө.

Андан ары мамлекеттик башкаруунун эволюциялык өнүгүү менен мамлекеттик башкарууда МКТны колдонуу деңгээлинин ич ара байланышынын талдоосу жүргүзүлдү. Ошол максатта батыш өлкөлөрдүн мамлекеттик башкаруу системаларына МКТны киргизүүнүн автордук ирээти берилген. Бул мамлекеттик органдардын “маалыматташтыруусу”, “электрондук өкмөттүн” жана “ачык берилмелердин” идеяларынын ишке ашыруусу жана ошондой эле “санарип өкмөт” түшүнүгүн аныктоонун заманбап аракеттери.

